| | | |
|---|---|---|
| | *Q-2024-0020*<br>(документтин шифри)<br>*14-бет*<br>(беттин саны)<br>*21.06.2024-жыл*<br>(бекитилген датасы) | **Ош мамлекеттик университети**<br>**САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ**<br>**БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУН ТҮЗҮҮ БОЮНЧА ЖОБО** |

МАКУЛДАШЫЛДЫ
ОшМУнун кесиптик бирликтин
төрагасы____________________
А.Э. Саттаров

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору,
проф. К.Г. Кожобеков_______
2024-ж. “____” ___________

# БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУН ТҮЗҮҮ БОЮНЧА ЖОБО

**Ош, 2024**

**ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ**

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин баалоо каражаттарынын фондун түзүү боюнча жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | |
| Документтин шифри | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо ОшМУда НББПлардын баалоо каражаттарынын фондунун түзүмүнө, мазмунуна жана таризделишине карата талаптарды, иштеп чыгуу жана бекитүү тартибин аныктайт. |

МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Титулдук барак | 1 |
| 2. | Ченемдик документтер | 2 |
| 2. | Шарттуу кыскартуулар | 3 |
| 3. | Жалпы жоболор | 3 |
| 4 | Максаттар жана милдеттер, фондду түзүүнүн принциптери | 4 |
| 5. | Баалоо каражаттарынын фондунун түзүмүнө, мазмунуна жана таризделишине талаптар | 4 |
| 6. | БКФны иштеп чыгуу жана бекитүү тартиби | 7 |
| 7. | Дисциплинанын баалоо каражаттарынын фондун (БКФ) иштеп чыгуу боюнча методикалык көрсөтмөлөр | 8 |
| 8. | Студенттердин жетишүүсүнө үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, дисциплина боюнча студенттерди аралык аттестациядан өткөрүү үчүн БКФны долбоорлоого жалпы талаптар | 11 |
| 9. | *1-тиркеме*. Титулдук бaрактын макети | 12 |
| 10. | *2-тиркеме.* Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын үлгүсү | 13 |
| 11. | Макулдашуу барагы | 14 |

**Шарттуу кыскартуулар:**

СБС - сапатты башкаруу системасы

ЖКББ мамстандарты – жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты

МББС – мамлекеттик билим берүү стандарты

НББП - негизги билим берүү программасы

ББП – билим берүү программасы

ОМК – окуу-методикалык комплекс

ДОМК – дисциплинанын окуу-методикалык комплекси

БКФ - баалоо каражаттарынын фонду

ЖМА – жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация

ЖББ – жогорку билим берүү

ОКББ – орто кесиптик билим берүү

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. Максаты жана колдонуу чөйрөсү

1.1.1. Бул жобо ОшМУда ишке ашырылып жаткан негизги билим берүү программаларын баалоо каражаттарынын фондунун түзүмүнө, мазмунуна жана таризделишине карата талаптарды, ошондой эле иштеп чыгуу жана бекитүү тартибин аныктайт.

1.1.2. Баалоо каражаттарынын фонду НББПны иштеп чыгууда окутуунун натыйжаларынын сапатын жана студенттердин компетенцияларынын калыптануу деңгээлин комплекстүү баалоого багытталган.

1.1.3. Бул жобо университеттин билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылган бардык түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан аткарылышы милдеттүү болуп саналат.

### 1.2. Ченемдик документтер

Бул Жобо төмөнкү документтердин негизинде иштелип чыккан:

- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 1.02 №537/1 буйругу.
- 2024-жылдын 16-апрелиндеги №556/1 буйругу менен бекитилген Университеттин Уставы.
- Ош мамлекеттик университетинин академиялык саясаты.
- Ош мамлекеттик университетинин академиялык саясаты “ОшМУда окуу процессин уюштуруу” жөнүндө жобо А-2024-0001, 2024.01.03.2024
- “Ошмамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө” жобо.

### 1.3.Терминдер жана аныктамалар

**Негизги билим берүү программасы** – бул окуу планы, календардык окуу графиги, окуу-методикалык комплекстер, программалар, ошондой эле баалоо жана окуу материалдары, практика түрүндө берилген билим берүүнүн негизги мүнөздөмөлөрүнүн (көлөмү, мазмуну, күтүлүүчү натыйжалары), уюштуруучулук-педагогикалык шарттарынын жана аттестациялоо формаларынын жыйындысы.

**Окуу планы** – университеттин бүтүрүүчү кафедраларытарабынан иштелип чыккан жана ректор тарабынан бекитилүүчү, студенттин өздөштүрүүсүнө керектүү кредиттерди көрсөтүү менен

милдеттүү компоненттер боюнча да, факультативдик компоненттер боюнча да блокторго жана циклдерге топтоштурулган окуу дисциплиналарынын толук тизмесин камтыган документ.
**Дисциплинанын окуу-методикалык комплекси** – бул адистик даярдоодогу жогорку/орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын (ЖББ, ОКББ НББП) бир бөлүгү болуп саналган жана окутуунун көлөмүн, мазмунун, тартибин аныктоочу ченемдик документ.
**Силлабус** – бул дисциплинанын окуу-методикалык программасы, анда окулуучу предметтин сыпаттамасы, максаттары жана милдеттери, ар бир сабактын темалары жана узактыгы, өз алдынча иштөө тапшырмалары, консультация берүү убактысы, окутуучунун талаптары, баалоо критерийлери жана негизги жана кошумча адабияттардын тизмесин камтыган дисциплинанын окутуу программасы.
**Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ)** – бул багыттар/адистиктер жана окутуу профилдери боюнча ББны өнүктүрүүдө окутуунун натыйжаларынын сапатын жана студенттердин компетенцияларынын калыптануу деңгээлин аныктоого багытталган баалоо каражаттарынын, текшерилип, өлчөп-ченелүүчү методикалык материалдардын жыйындысы.
**Студенттер** – бакалавр, специалитет, магистратура жана PhD даражаларынын билим берүү программаларында окуп жаткан адамдар.
**Баалоо каражаттары** – бул мазмундук элементтери жана татаалдыгы боюнча ар түрдүү болгон текшерүүчү материалдын бирдиги, анын жүрүшүндө студент конкреттүү иш-аракеттерди жасап, компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. Ар кандай деңгээлдеги маселелер жана тапшырмалар баалоо каражаты катары кызмат кыла алат.
**Компетенттүүлүк** - бул студенттин белгилүү бир тармакта натыйжалуу, жемиштүү иш жүргүзүүсү үчүн зарыл болгон билим берүү даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген коомдук талап (норма).
**Окутуунун натыйжалары** - студент окуу процессин аяктагандан кийин кандай билимге, билгичтикке жана көндүмгө ээ боло тургандыгы жөнүндө так билдирүүлөр.

## 2. ФОНДДУ ТҮЗҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ

2.1. БКФны түзүүнүн максаты – окутуунун белгилүү бир этабында студенттин даярдыгынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (ЖКББ мамстандарты) талаптарына жана билим берүү программасын ишке ашырууга шайкеш келүүсүн аныктоо.
2.2. БКФ тартиби төмөнкү милдеттерди чечүүгө мүмкүндүк берет:
- студенттердин керектүү билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү жана билим берүү программасында адистикти даярдоонун тиешелүү чөйрөсүндө аныкталган компетенцияларды калыптандыруу деңгээлин өздөштүрүү процессин башкаруу;
- бүтүрүүчүлөрдүн жалпы, кесиптик жана кошумча кесиптик компетенцияларынын жыйындысы катары аныкталган билим берүү программасын ишке ашыруунун максаттарына жетүүнү көзөмөлдөө;
- окуу процессинде студенттин жетишкендиктерин баалоо;
- окутуунун натыйжаларынын кесиптик ишмердиктин милдеттерине шайкеш келишин камсыздоо үчүн университеттин окуу процессине салттуу ыкмаларды өркүндөтүү жана окутуунун инновациялык ыкмаларын киргизүү.

БКФ баалоонун негизги принциптерине таянып түзүлөт, алар:
- валиддүүлүк (баалоо каражаттарыкүтүлүүчү натыйжаларгадал келиши керек);
- ишенимдүүлүк (студенттердин жетишкендиктерин баалоодо бирдиктүү стандарттар жана критерийлер колдонулушу керек);
- адилеттүүлүк (бардык студенттерге бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү);
- өркүндөтүүчүлүк мүнөзү (студенттердин жеке жетишкендиктерин эсепке алуу жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча сунушталган чаралар);

– өз убагында окуу материалдарын өздөштүрүүдө студенттер менен кайтарым байланыш жүргүзүү;
- эффективдүүлүк (студенттердин ишмердүүлүктөрүнүн натыйжаларынын коюлган максаттарга жана милдеттерге дал келиши).

## 3. БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУНУН ТҮЗҮМҮНӨ, МАЗМУНУНА ЖАНА ТАРИЗДЕЛИШИНЕ ТАЛАПТАР

3.1. Баалоо каражаттарынын фонду төмөндөгүлөргө ылайык келиши керек:
- даярдообагыты/адистиги боюнча жогорку (орто) кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына;
- философия докторунун (PhD)/ ошол тармак боюнча докторантура программасынын мазмунуна минималдуу талаптарына;.
- даярдообагыты /адистиги боюнча негизги билим берүү программасына;
- даярдообагыты /адистиги боюнча окуу планына;
- дисциплинанынокутуу жана практика программасы, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация программасына;
- белгилүү бир дисциплинаны окутууда жана практиканын бардык түрлөрүн уюштурууда колдонулуучу билим берүү технологияларына.

3.2. БКФ студенттердин күтүлүүчү натыйжаларын (билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана практикалык ишмердүүлүгүн) баалоого арналган жана студенттердин билим деңгээлинин билим берүү программасын окутуунун натыйжаларына коюлган талаптарга шайкештигин аныктоого мүмкүндүк берет. ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн бүтүрүүчүлөрдүн компетенциялары жана университет тарабынан докторанттарды (PhD) программалык даярдоо үчүн белгиленген бүтүрүүчүлөрдүн компетенциялары, алар үч деңгээлде айырмаланат:
- негизги (базалык) (ББПны өздөштүрүү аяктагандан кийин бардык студенттер үчүн милдеттүү түрдө),
- өркүндөтүлгөн (бүтүрүүчү үчүн компетенциялардын минималдуу мүнөздөмөлөрүнөн жогорку);
- жогорку (эң жакшы) деңгээл (компетенттүүлүктөрдүн мүмкүн болгон эң жогорку көрүнүшү).

3.3. Татаалдык деңгээлине жараша баалоо каражаттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:
- фактылык материалдар (негизги түшүнүктөр, алгоритмдер, фактылар) боюнча билимди баалоого жана диагностикалоого мүмкүндүк берүүчү репродуктивдүү деңгээл жана атайын терминдерди жана түшүнүктөрдү туура колдоно билүү, дисциплинанын белгилүү бир бөлүгүндө изилдөө объекттерин таануу;
- конкреттүү тыянактарды түзүү, себеп-натыйжа байланыштарын орнотуу менен фактылык жана теориялык материалдарды синтездөө, талдоо, жалпылоо жөндөмдүүлүгүн баалоого жана диагностикалоого мүмкүндүк берүүчү реконструкциялык деңгээл;
- көндүмдөрдү баалоого жана диагностикалоого, ар кандай тармактар боюнча билимдерди интеграциялоого жана өз көз карашын талашууга мүмкүндүк берүүчү практикага багытталган жана/же изилдөө деңгээли.

3.4. Баалоо каражаттарынын фондун түзүүдө студенттердин окуудагы жетишкендиктерин жана алардын чыгармачылык потенциалын чагылдырган упайларды топтоо боюнча баллдык-рейтингдик система эске алынат. Баллдык-рейтингдик система бүткүл семестр бою жүргүзүлөт жана студенттин дисциплинанын (бөлүмдүн) программалык материалынын логикалык жактан толтурулган документтештирилген бөлүктөрүн упайларды коюу менен өздөштүрүүсүн этап-этабы менен контролдоону билдирет.

3.5. БКФ студенттердин негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү сапатын баалоо системасынын окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун ажырагыс бөлүгү катары студенттердин билим берүү жетишкендиктерин баалоонун ар кандай этаптары үчүн иштелип чыккан. Ал төмөнкүлөрдү камтыйт:
- окуу дисциплинанын, практиканын, илимий-изилдөө иштеринин жүрүшүнө учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүү үчүн БКФ;
- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо үчүн БКФ;
– БКФнын *учурдагы текшерүүсү* студенттердин окуу ишмердүүлүгүн (анын ичинде өз алдынча) ыкчам жана үзгүлтүксүз башкаруу үчүн колдонулат. Баллдык-рейтингдиккөзөмөл системасынын шарттарында студенттин учурдагы баалоонун натыйжалары анын ошол учурдагы рейтингинин көрсөткүчү катары колдонулат.
– БКФнын *аралык текшерүүсү* белгиленген мөөнөттө модулду окуу аяктагандан кийин,студенттердин күтүлүүчү окутуу натыйжаларына жетишүү даражасын баалоого арналган.
– Студенттердин дисциплина боюнча *жыйынтыктоочу* (семестрдик) текшерүүсү окуу планында белгиленген формада дисциплинаны окуп бүткөндөн кийин,күтүлүүчү окутуу натыйжаларына жетишүү даражасын баалоого арналган: экзамен, тест, дифференцияланган тест, курстук иш (долбоор), бүтүрүү квалификациялык иши (дипломдук долбоор), магистрдик диссертация, докторлук диссертация PhD. Экзамендик документтердин топтомуна экзамендин/тесттин жыйынтыгы боюнча кафедранын жыйынында иштелип чыккан жана бекитилген баалоо критерийлери тиркелет.
3.6. Компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун ар бир конкреттүү деңгээли үчүн окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын бөлүп көрсөтүү зарыл: “билим”, “билгичтик”, “көндүм”. Алар төмөнкүдөй мааниге ээ:
- "билим" – окуу материалын талап кылынган илимий тактык жана толуктук даражасы менен айтып берүү жана түшүндүрүү.
- “билгичтик” – стандарттуу чечимдердин алгоритмдерин иштеп чыгуунун негизинде типтүү маселелерди чечүү;
- "көндүм" –окуу ишмердүүлүгү боюнча тажрыйба топтоо процессинде түрдүү кырдаалдардаалган билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн негизинде татаал маселелерди чечүү жана бул тажрыйбаны башкаларга бере билүү.
– Практика үчүн БКФ окуу планында белгиленген форма боюнча практикадан өткөндө (кесиптик билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, кесиптик тажрыйбаны алуу) окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына жетишүү даражасын баалоого арналган. Баалоо практика күндөлүгүндө жана практикалык отчетто чагылдырылган практиканын жыйынтыктарынын негизинде жүргүзүлөт. Баалоонун формасы – бул студенттердин жалпы көрсөткүчтөрүн чыгарууда эске алынуучу баалоо менен практика боюнча отчетту коргоо.
– Илимий изилдөө иштеринин БКФсы окуу планында белгиленген формада изилдөө иштерин аяктагандан кийин күтүлүүчү натыйжаларына жетишүү даражасын жана студенттердин пландалган компетенцияларды өздөштүрүү деңгээлин баалоого арналган. Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы боюнча баалоо докладды коргоонун негизинде жүргүзүлөт, анын баасы студенттердин жалпы жетишкендиктерин чыгарууда эске алынат.
– Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын БКФсы жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына же (PhD) докторантура программасына ЖОЖ тарабынан белгиленген талаптарга жооп берген негизги билим берүү программасын студенттердин өздөштүрүүсүнүн натыйжаларын баалоого арналган.

3.7. Студенттердин дисциплинадагы/практикадагы жетишкендиктерине учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу мониторинг жүргүзүү үчүн БКФ төмөнкүлөрдү камтыйт:
1) окуу дисциплинасын баалоо каражаттарынын фондунун паспорту төмөнкүлөрдөн турат:
- дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында түзүлгөн компетенциялардын тизмеси;
- окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн күтүлүүчү натыйжалары;
- дисциплина боюнча жетишкендиктерди баалоо каражаттары;

- дисциплинанын текшериле турган темалары (бөлүмдөрү) жана баалоо каражаттарынын аталыштары;
- баалоо критерийлери;
2) дисциплина боюнча тапшырмалардын тизмеси, анын ичинде типтүү тесттик тапшырмалар жана/же дисциплинаны окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын баалоо үчүн зарыл болгон башка материалдар.
3) дисциплинаны/практиканы өздөштүрүүнүн натыйжаларын баалоо жол-жоболорун аныктоочу методикалык материалдар/сунуштар.

3.8. Изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн БКФ төмөнкүлөрдү камтыйт:
- билим берүү программасын өздөштүрүү процессинде алардын калыптануу этаптарын көрсөтүүчү компетенциялардын тизмеси;
- компетенцияларды калыптандыруунун ар кандай этаптарында баалоо критерийлеринин сыпатталышы;
- компетенцияларды калыптандыруунун этаптарын мүнөздөгөн билимди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү жана тажрыйбаны баалоо жол-жобосунун критерийлери;
- компетенцияларды калыптандыруунун этаптарын мүнөздөгөн билимди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү жана тажрыйбаны баалоо жол-жоболорун аныктаган методикалык материалдар/сунуштар.

3.9. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо үчүн БКФ төмөнкүлөрдү камтыйт:
- ББПны окутуунун натыйжасында студенттер өздөштүрүүгө тийиш болгон компетенциялардын тизмеси;
- компетенцияларды баалоонун көрсөткүчтөрүнүн жана критерийлеринин сыпатталышы;
- жыйынтыктоочу (мамлекеттик жыйынтыктоочу) экзаменге даярдануу үчүн суроолордун тизмеси;
- билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжаларын баалоо үчүн зарыл болгон тесттик тапшырмаларды же башка материалдарды;
- жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин темалары;
- билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжаларын баалоо тартиби.

3.10. БКФ баалоо каражаттарынын төмөнкү түрлөрүн камтышы мүмкүн (3-тиркеме):
– тесттик тапшырмалар;
– рефераттардын, баяндамалардын, дилбаяндардын темаларынын тизмеси;
– экзамен/тест үчүн суроолордун тизмеси (дифференцирленген тест);
– окутуунун интерактивдүү ыкмаларынын тизмеси (бизнес/ролдук оюндар, конкреттүү кырдаалдарды талдоо боюнча тапшырмалар ж.б.);
– курстук иштердин темаларынын тизмеси (курстук долбоорлор);
– тесттерге тапшырмалар;
– эсептөө жана графикалык тапшырмалар;
– студенттердин илимий иштери үчүн темалардын тизмеси;
– жеке практикалык тапшырмаларды аткаруу үчүн тапшырмалардын/суроолордун тизмеси;
– жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин темаларынын тизмеси;
- башка баалоо каражаттары.

## 4. БКФНЫ ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА БЕКИТҮҮ ТАРТИБИ

4.1. БКФ кафедрага бекитилген ар бир дисциплинага жана практикага иштелип чыгат. Эгерде ар кандай профилдеги окуу багытынын/адистигинин алкагында бир эле предмет анын мазмунуна жана өздөштүрүү натыйжасына бирдей талаптар менен окутулса, анда ал үчүн бирдиктүү БКФ түзүлөт. Окутуунун ар кандай багыттары/даярдоо адистиктери үчүн бирдей аталыштагы

дисциплинада бирдиктүү БКФны иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулугу бул дисциплинаны окутууну камсыз кылган кафедранын чечими менен аныкталат.
4.2. БКФны иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн ББПнын жетекчиси (кафедра башчысы) жооптуу.
4.3. БКФны өнүктүрүүнүн түздөн-түз аткаруучулары дисциплиналардын окутуучулары жана практика жетекчилери болуп саналат.
4.4. БКФ кагаз жана электрондук вариантта даярдалат жана даярдоо багыты/адистик боюнча билим берүү программасына тиркемелерди түзгөн документтердин бир бөлүгү болуп саналат.
4.5. БКФ даярдоо багыты/адистиктеги НББПнын өзгөртүлүшү боюнча дисциплина, практика жана ЖМА үчүн БКФ жаңыртылышы керек.
4.6. БКФны жаңылоо же өзгөртүү жөнүндө чечим кафедранын же түзүмдүн отурумунда кабыл алынат.
4.7. Окутуунун дистанттик формасын колдонуу процессинде университет студентке жекече БКФ мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.
4.8. БКФны майыптар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн иштеп чыгууда,БКФга (зарыл учурда) психофизикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн, студенттердин жеке мүмкүнчүлүктөрүн жана ден соолугунун абалын эске алган адаптациялоочу баалоо каражаттары жана окуу-методикалык материалдары кирет.
4.9. БКФны иштеп чыгууда жана бекитүүдө анын мазмунунун окутуунун натыйжаларына жана келечектеги кесиптик ишинин маселелерине шайкеш келиши камсыз кылынууга тийиш.
4.10. БКФ дисциплинаны окутууну камсыз кылган кафедранын, бөлүмдүн же ПЦкнын жыйналышында каралат жана бекитилет.
4.11. БКФ НББПны жаңыртуу учурунда өзгөртүлөт. Баалоо каражаттарын жаңылоо, өзгөртүү, жокко чыгаруу же БКФга жаңылык киргизүү жөнүндө чечим кафедранын, бөлүмдүн же ПЦКнын жыйналышында кабыл алынат.
4.12. Баалоо каражаттарынын фонддору тышкы эксперттердин: адистештирилген уюмдардын учурдагы жетекчилеринин жана кызматчыларынын ичинен иш берүүчүлөрдүн, ошондой эле тиешелүү билим берүү тармактарынын окутуучуларынын, баалоо каражаттарын иштеп чыгуу жана сертификациялоо боюнча адистердин экспертизасынан өтүүгө тийиш. Экспертизанын натыйжалары документтештирилет (эксперттин корутундусу же рецензия).

## 5. ДИСЦИПЛИНАНЫН БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУН (БКФ) ИШТЕП ЧЫГУУ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨЛӨР

***Баалоо каражаттарынын болжолдуу тизмеси:*** коллоквиум (К**)**, тесттер (Т), текшерүү иши (ТИ), долбоор (Д), чыгармачыл тапшырмалар (ЧТ), ролдук оюндар (РО), тегерек стол (ТС), дискуссия, диспут, дебаттар, кейс тапшырма (кейс-стади) (КС), интервью (И), доклад, кабар, реферат (Р), эссе (Э), портфолио (П), түрдүү деңгээлдеги тапшырмалар (ТДТ), презентация (През), конспект, аннотация (А) ж.б.

Ар бир дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө ылайык баалоо каражаттары өзүнчө түзүлөрү эске алынышы керек.

Баалоо каражаттары ***дисциплинанын бардык темалары (бөлүмдөрү)*** үчүн түзүлүшү керек. Жогоруда белгиленгендей, баалоо каражаттары ***берилген компетенциялардын*** жана *билим, билгичтик* жана *көндүмдөр* түрүндө туюндурулган ***дисциплинанын окутуу натыйжаларынын*** негизинде иштелип чыгышы зарыл.
(табл.5.1.).

**5.1. Дисциплинанын темалары боюнча баалоо каражаттары**

| Дисциплинанын темаларынын номери жана аталышы. | Компетенциянын коду | Дисциплинанын пландаштырылган окутуу натыйжалары | Баалоо каражаттары |
|---|---|---|---|
| **1-тема _______ _______________** | **ОК-1** | ___________*билет*<br>___________ *жасай алат* | Тест, Булактардын конспектилери |
| **2.____________** | **ПК-14** | ___________*жасай алат*<br>__________*ээ болот* | доклад, долбоор |
| **3. ____________** | **ПК-11** | __________*билет* | кейс-стади, |
| ж.б. | | | |

Баалоо каражаттарынын фондунун паспортун түзүү сунушталат (табл.6.2).

### 5.2. Дисциплина боюнча баалоо каражаттарынын фондунун паспорту

| Дисциплиналардын темаларынын (бөлүмдөрүнүн) номери жана аталышы | Берилген компетенциянын (же анын бөлүгүнүн) коду | Баалоо каражатынын аталышы | | |
|---|---|---|---|---|
| | | тесттер | башка түрлөрү | саны |
| Тема 1.______________ | ОК-1 | 6 вар. | конспект үчүн иштердин аталышы | 5 |
| Тема 2.____________ | ПК-14 | - | аңгемелешүүнүн суроолору;<br>докладдар үчүн тематикалардын комплекти | 15<br><br>20 |
| Тема 3.____________ ж.б. | ПК-11 | 5 вар. | кейс-стади үчүн тапшырмалар | 10 |

БКФда баалоо каражаттарынын ар бир түрүнүн критерийлери көрсөтүлүүгө тийиш. Баалоо каражаттарынын түрдүү формалары үчүн жалпы критерийлерди бөлүп көрсөтүүгө болот.

### 5.3. Баалоо каражаттарынын ар түрдүү формалары үчүн жалпы критерийлер:

- Текшерилүүчү теориялык материалды толук билүүсү (50%, 51% … чейин);
- Текшерилүүчү практикалык материалды толук билүүсү, типтүү маселелерди чече билүү билгичтиктерин жана көндүмдөрүн көрсөтүүсү, типтүү тапшырмаларды/ көнүгүүлөрдү/ казустарды аткарышы (50%, 51% … чейин);
- Берилген теориялык, илимий, энциклопедиялык булактардан негизги (маанилүү) маалыматты ала билүү жана пайдалана билүү билгичтиги;

- Өз алдынча тапкан теориялык булактардан маалыматтарды сабаттуу пайдалана билүү, топтоо, системалоо, талдоо билгичтиктери;
- Теориялык жоболорду иллюстрациялоо үчүн практикалык материалды сабаттуу пайдалана билүү жана топтоо, системалаштыруу, талдоо билгичтиктери;
- Үйрөнгөн методдордун, ыкмалардын, технологиялардын негизинде көйгөйдү/маселени өзалдынча чече билүүсү;
- Өз оюн сабаттуу, так, туура, логикалуу баяндай алуусу, корутундуларды жана тыянактарды чыгара билүүсү;
- Баяндоонун берилген формасын (доклад, эссе, ж.б.) сактай алуусу;
- Глобалдык түйүндөрдүн (интернет) ресурстарынан пайдалана билүүсү;
- Нормативдик документтерди пайдалана билүүсү;
- Кесиптик ишмердиги менен байланышкан документтерди түзө жана колдоно билүүсү;
- Көйгөйдү аныктоо, түзө билүүсү жана аны чечүүнүн жолдорун таба билүүсү;
- Илимдин, техниканын жана түрдүү тармактардын учурдагы абалын анализдей алуусу;
- Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде өз алдынча чечим кабыл ала билүүсү;
- Негизги (үйрөнүлгөн) колдонмо программалык каражаттарды пайдаланууга даярдыгы жана колдоно билүү билгичтиги;
- Аткарылган иштин мазмуну боюнча презентацияларды түзө билүүсү ж.б.

**5.4. Экзамендеги баалоонун критерийлери**

Экзаменде баа коюу объективдүүлүк, акыйкаттуулук принциптеринин, студенттердин билим сапаттарын ар тараптан анализдөөнүн негизинде жана үйрөнүүчүлөрдүн билимдерин баалоонун ишенимдүүлүгүнт жогорулатууга өбөлгө болуучу, субъективдүү факторлорду четтетүүчү башка жоболордун негизинде жүргүзүлөт.

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин учурдагы нормативдик актыларына жана сунуштарына ылайык гуманитардык, табигый, техникалыкж.б. дисциплиналар боюнча экзамендерде баа коюунун төмөнкү критерийлери көрсөтүлгөн:

- «**эң жакшы**» деген баа экзаменде программалык окуу материалы боюнча ар тараптуу, системалуу жана терең билимин көрсөтө алган, программада каралган тапшырмаларды эркин аткара билген, сунушталган негизги адабияттарды өздөштүргөн жана кошумча адабияттар менен таанышкан студентке коюлат. Эреже катары «эң жакшы» деген баа дисциплинанын негизги түшүнүктөрүнүн өз ара байланыштарын жана алардын өз кесиби үчүн маанисин өздөштүргөн, программалык окуу материалын түшүнүүдө, баяндоодо жана колдонууда чыгармачыл көндүмдөрүн көрсөтө алган студенттерге коюлат;

- «**жакшы**» деген баа экзаменде программалык окуу материалы боюнча толук билим алган, программада каралган тапшырмаларды ийгиликтүү аткара алган, сунушталган негизги адабияттарды өздөштүргөн студентке коюлат. Эреже катары «жакшы» деген баа дисциплина боюнча билимдерин системалуу мүнөздө көрсөтө алган жана аларды андан аркы окуу ишинде, кесиптик ишмердүүлүгүндө өз алдынча аткарууга жана жаңылап турууга жөндөмдүү студентке коюлат;

- **«канааттандырарлык»** деген баа негизги окуу материалын андан аркы окуусу жана кесиби боюнча алдыда турган иштери үчүн зарыл болгон көлөмдө билген, программада каралган тапшырмаларды аткарып кете ала турган, сунушталган негизги адабияттар менен тааныштыгы бар студентке коюлат. Эреже катары «канааттандырарлык» деген баа экзамендик тапшырмаларды аткарууда жообунда катачылыктарга жол берген, бирок окутуучунун жетекчилиги астында аларды жоюу үчүн зарыл болгон билимдерге ээ студентке коюлат;

- **«канааттандырарлык эмес»** деген баа программалык негизги окуу материалы боюнча билимдерин үзгүлтүккө учураткан, программада каралган тапшырмаларды аткарууда принципиалдуу каталарга жол берген, сунушталган негизги адабияттар менен таанышпаган, дисциплина боюнча каралган жана курстун тиешелүү программасына ылайык аныкталган

(студенттер өздөштүрүүгө тийиш болгон негизги билимдердин жана билгичтиктердин тизмеси жумушчу программанын милдеттүү элементи болуп саналат) базалык билимдерди өздөштүрбөгөн студентке коюлат.

Баалоо “ОшМУда окуу процессин уюштуруу” жөнүндө жобонун модулдардын технологиялык картасына, баалоо картасына жана сабак учурунда балл топтоо торчосуна ылайыкташтырылып жүргүзүлөт.

## 6. СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШҮҮСҮНӨ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ, ДИСЦИПЛИНА БОЮНЧА СТУДЕНТТЕРДИ АРАЛЫК АТТЕСТАЦИЯДАН ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН БКФНЫ ДОЛБООРЛООГО ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР

6.1.1. Баалоо каражаттарынын фондунун курамы төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт:
1. БКФ титул барагы.
2. Жалпы жоболор.
3. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар.
4. Усулдук материалдар.

6.1.2. Титулдук баракча студенттердин жетишүүсүнө үзгүлтүксүз мониторниг жүргүзүү үчүн, дисциплина боюнча студенттерди аралык аттестациялоо үчүн БКФнын биринчи барагы болуп саналат жана негизги реквизиттерди камтыйт (1-тиркеме):
- кафедра, же бөлүм, ПЦК;
- дисциплинанын аталышы;
- окутуу багытынын коду жана аталышы;
- окутуу профили/багыты;
- окутуу формасы;
- окуу жылы
Титулдук барактын арткы бетинде төмөнкүлөр көрсөтүлөт:
- БКФнын түзүүчүсү/түзүүчүлөрү;
- бекитилген күн жана протоколдун номери;
-башка маалыматтар.
6.1.3. Жалпы жоболор.
"Жалпы жоболор" бөлүмүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт (Окутуу программасынан алынат):
- компетенттүүлүккө жетишүү көрсөткүчтөрү менен дисциплинаны окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын тизмеси.
- окутуунун натыйжалары менен өз ара байланышта болгон компетенцияларды баалоонун жалпы көрсөткүчтөрү жана критерийлери.
- студенттердин окуу материалын өздөштүрүүсүн баалоо тартиби.
6.3. «Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар» бөлүмү студенттердин билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, практикалык тажрыйбаларын баалоо үчүн зарыл болгон типтүү тапшырмаларды ж.б. материалдарды камтыйт. (2-тиркеме)
6.4. «Усулдук материалдар» бөлүмүндө дисциплинанын окутуу программасынын адабияттар тизмесинде көрсөтүлгөн методикалык материалдарга жана электрондук ресурстарга шилтемелер көрсөтүлөт. (Окутуу программасынан алынат)

**1-тиркеме**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФАКУЛЬТЕТ**

**(институт, жогорку мектеп, колледж)**

**КАФЕДРА (бөлүм, ПЦК)**

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТИЛДИ** |
| **Факультеттин ОМКсынын төрагасы _______________** | **Кафедра башчысы _______________________** |
| **2024-жылдын _________ №_____ протоколу** | **2024-жылдын __________ №______ протоколу** |

**БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУ**

___________________________________________________________

*(адистиги/багыты, коду)*

_____________________________________________________________________________

*(дисциплинанын аталышы)*

**БКФны иштеп чыккандар:**

1. _____________________________________ ____________________
*(кызматы, окумуштуулук даражасы, наамы)* *(аты-жөнү)*
2. _____________________________________ ____________________
*(кызматы, окумуштуулук даражасы, наамы)* *(аты-жөнү)*

3. _____________________________________ ____________________
*(кызматы, окумуштуулук даражасы, наамы)* *(аты-жөнү)*

Ош, 2024

**2-тиркеме**

## Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын үлгүсү

<table>
<tr><th>№</th><th>Ишмердүүлүктүн түрлөрү</th><th>Аныктамасы</th><th>Баалоо критерийлери</th><th>УТ, АТ</th></tr>
<tr><td>1.</td><td>Глоссарий түзүү</td><td>дисциплинадагы негизги терминдерди жана түшүнүктөрдү чечмелөө менен чогултуу</td><td>1. Сүйлөмдүн тактыгы - 1 б.<br>2. Жооптун толуктугу - 1 б.<br>3. Терминдердин саны - 1 б.</td><td>СӨАИ – 3 б.</td></tr>
<tr><td>2.</td><td>Терминологиялык сурамжы-лоо</td><td>конкреттүү тема боюнча белгилүү сандагы терминдерди оозеки суроо-жооптор</td><td>
<table>
<tr><th>Баалоо критерийлери</th><th>Жогору</th><th>Орто</th><th>Төмөн</th></tr>
<tr><td>1. Терминге автордук аныктама берүү</td><td>2</td><td>1</td><td>0,3</td></tr>
<tr><td>2. Терминдин формулировкасын ын ачыктыгы жана тактыгы</td><td>1</td><td>0,5</td><td>0,2</td></tr>
<tr><td>3. Оюнун негиздүүлүгү</td><td>1</td><td>0,5</td><td>0,2</td></tr>
<tr><td>4. Мисалдардын берилиши</td><td>1</td><td>1</td><td>0,1</td></tr>
<tr><td>Жыйынтыгы:</td><td>5 б.</td><td>3 б.</td><td>1 б.</td></tr>
</table>
</td><td>СӨАИ<br>№1 АТ – 5 б.</td></tr>
<tr><td>3.</td><td>Тестирлөө</td><td>тест – бул окутуучу студенттин керектүү билимге, билгичтикке, көндүмгө канчалык деңгээлде жеткендигин баалоочу каражат</td><td>Тандалган туура жооп - 0,5 балл</td><td>№1 АТ – 10 б.</td></tr>
<tr><td>4.</td><td>Венндин диаграммасын түзүү</td><td>диаграмма – салыштырылуучу фактылардын, түшүнүктөрдүн, идеялардын жана кубулуштардын графикалык организатору</td><td>Критерии оценивания<br>1. Выделение 5-7 параметров сравнения. 0,5 б.<br>2. Точность указания отличительных признаков. 0,5 б.<br>3. Точность указания общих признаков. 0,5 б.<br>4. Эстетическое оформление. 0,5 б.</td><td>СРСП – 2 б.</td></tr>
</table>

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

| | |
|---|---|
| 1. Окуу иштери боюнча проректор : | Омуров Н.К. |
| 2. Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор: | Молдояров У.Д. |
| 3. Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору: | Мамажакып уулу Ч. |
| 4. Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги: | Манашов М.Э. |
| 5. Укук иштери боюнча бөлүм башчы: | Айдарбекова Ж.А. |